Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№06 (236) 2025-жыл, сентябрь
Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# ОшМУнун студенттери даярдаган контент УТРКнын эфиринен берилет




4-бет

## КЕЗДЕМЕДЕГИ ЭМОЦИЯ



13-бет

## *Журналистикадан дипломатияга*



5-бет

# ҮЛГҮЛҮҮ УСТАТТАН ҮЛГҮ

## Илим жасоо чыдамкайлыкты, ак эмгекти жана туруктуулукту талап кылат



Бул сөздөр Ош мамлекеттик университетинин профессору, химия илимдеринин кандидаты, техника илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун мыктысы болгон Майрам Дукуевна Абдуллаевага таандык. Ал- Россия жана Кыргызстанда патенттелген 8 илимий ойлоп табуусу жана алардын практикада ийгиликтүү колдонулуп жаткандыгы менен өлкө сыймыгы болууга жетишкен. Анын ойлоп табуулары учурда күн энергиясы менен жылытуучу системаларда, үйлөрдү, поезд вагондорун жылытууда жана тамак-аш өнөр жайларындагы муздатуучу системаларда жана кыш мезгилиндеги сууктагы курулуш иштеринде бетондун тоңбошу үчүн кошулуучу эритме катары кеңири колдонулууда. Бүгүнкү санызбызда биз профессор Майрам Дукуевна менен илимге болгон кызыгуусу, Москвадан башталган илимий жолу тууралуу маектештик. Эжекебиздин тажрыйбалары студентерге багыт болот деген ишеничтебиз!

— ***Алгач өзүңүздү тааныштырып өтсөңүз?***

— Мен, Абдуллаева Майрам Дукуевна, 1959-жылы 1-майда Ош облусунун Кара-Суу районундагы Кызыл-Ордо айылында төрөлгөм. Үй-бүлөдө жети бир туугансбыз: төрт уул, үч кыз. 1975-жылы Кара-Суу районундагы Баш-Булак орто мектебин бүтүрүп, ошол эле жылы мурдагы Фрунзе шаарындагы В.Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтуна тапшырып, аны 1980-жылы артыкчылык диплому менен аяктагам. Кызым, төрт неберем бар, алар үй-бүлөсү менен Бишкек шаарында турушат.

— ***Илимге кызыгууңуз качан жана кантип башталган?***

— Илимге болгон кызыгуум студенттик күндөрдөн башталды деп ойлойм. В.Маяковский атындагы growинститутта окуп жүргөндө, улуу окутуучу Седепкан Молдогазиевнанын жетекчилиги менен “Химия боюнча кызыктуу тажрыйбалар” аттуу курстук иш жазгам. Бул тема боюнча студенттик илимий конференцияда баяндама жасап, ошол кездеги ректор Жанетта Саймасаевна Татыбекованын колунан “Мыкты баяндама” үчүн грамота алгам. Кийин бул материалдарды педагогикалык практика учурунда мектептеги химиялык кечеде колдондум. Окуучулардын кызыгуусу абдан жогору болуп, алар суроолор менен көп кайрылышчу. Окуучулардын суроолоруна жооп издеп, кошумча китептерди окуй баштаганым — менин илимге болгон алгачкы кадамым болгон.

— ***Илимдеги жолуңуз жана ийгиликтериңиз жөнүндө айтып берсеңиз?***

— Окууну бүтүргөндөн кийин Ош мамлекеттик growинститутунун химия кафедрасында лаборант жана сааттык төлөм менен окутуучу болуп иштеп калдым. 1983-жылы ОМПИден Москвага жөнөтүлгөн беш окутуучунун ичинде болуп, Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин химия факультетине стажировкага бардым. Ал жерде биз окуп жүргөн окуу китептердин авторлору, академиктер В.И.Спицын, Е.М.Соколовская, О.А.Петрий, Л.И.Мартыненко ж.б. менен таанышып, лекцияларына катыштым.

1988-жылы В.И.Ленин атындагы Москва мамлекеттик growинститутунда кандидаттык диссертация жактадым. Бул диссертациянын жыйынтыгында иштелип чыккан экологиялык жактан таза жылуулук ташыгыч учурда Россия Федерациясындагы



(Уландысы кийинки бетте)

темир жол транспортунун пассажирдик вагондорунда жана күн энергиясы менен жылуулук камсыздоочу системаларда ийгиликтүү колдонулуп жатат.

Көп жылдардан бери илимий жетекчилик кылып, уулуу эмес, температуралык иштөө диапазондору кеңири болгон жаңы жылуулук ташыгычтар, суук ташыгычтар жана антифриздер иштелип чыкты. 2012-жылы болсо И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде докторлук диссертацияны коргодум. Жалпысынан, 8 илимий ойлоп табууга Россия Федерациясынын жана Кыргыз Республикасынын патенттерин алдым, анын ичинен 3 ойлоп табуу практикада кеңири колдонулууда.

***— Сизде 8 илимий ойлоп табуу бар экен, алардын эң акыркысы жөнүндө айтып берсеңиз.***

— Менин эң биринчи ойлоп табуум — калий карбонатынын негизиндеги жылуулук ташыгыч. Аны Кыргызстанда чыгаруу мүмкүн болбоду, себеби негизги сырьё (калийдин карбонаты) жок. Ушуга байланыштуу Баткен облусундагы нефелин сиенитинен калий карбонатын алуу максатында долбоор жаздык.

Ал грант менен жүргүзүлгөн илимий иштердин натыйжасында биз нефелин сиенитинен металлдык алюминийди алуунун экологиялык таза, экономикалык жактан эффективдүү жолун ойлоп таптык. Бул изилдөөбүз калий карбонатынан да өтө маанилүү болуп чыкты. Ушул акыркы патентти 2020-жылы алдык.

***— Кандай кызматтарда иштедиңиз, кандай ийгиликтерге жетиштиңиз?***

— 1989-жылдан бери ОшМУда окутуучу, доцент, профессор, факультеттин илимий иштер боюнча орун басары, органикалык эмес химия, жалпы химия жана ХЭК кафедраларынын башчысы, КРдин УИАсынын түштүк бөлүмүндө лаборатория башчысы кызматтарында иштедим.

Мен кафедра башчысы болуп турганда “Химия-экологиялык, криминалистикалык экспертиза” адистиги жаңы ачылды. Кафедра окуу-тарбиялык, илимий-усулдук иштердин жыйынтыгы боюнча бир нече жолу сыйланып, 2008-жылы ОшМУнун 105 кафедрасынын арасында илимий иштер боюнча өткөрүлгөн конкурста I орунду ээлеген.

1996-жылдан 2024-жылга чейин Кыргызстандын Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик агентство жана Билим берүү жана илим министрлигинин алкагында бир нече чоң илимий долбоорлорго илимий жетекчилик кылдым.

Бул илимий багыттар боюнча алынган жыйынтыктар менен биз Москва, Липецк, Астана, Бишкек, Үрүмчү (Кытай) шаарларында өткөн илимий көргөзмөлөргө, ошондой эле Россия, Түркия, Кытай, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан



мамлекеттериндеги эл аралык илимий конференцияларга активдүү катыштык. Жалпысынан 130га жакын илимий эмгектер жарык көрдү, анын ичинде 8 илимий ойлоп табуу, 1 монография жана 3 окуу куралы бар.

***— Келечекке койгон пландарыңыз кандай?***

— Кыргызстанда акыркы жылдарда илим изилдөө иштеринин практикалык маанисине чоң көңүл бурулуп, жыйынтыктарды өндүрүшкө киргизүү багытында көп иштер жүрүп жатат. Ушуга байланыштуу, биз дагы буга чейин аткарып келген илимий иштерибиздин жыйынтыктарын практикага киргизүү боюнча иштерди баштадык.

Лабораторияда алынган жыйынтыктарды практикада колдонуу учурунда ар түрдүү көйгөйлөр жана илимий маселелер жаралат. Бул маселелерди чечүү максатында кошумча изилдөөлөрдү жүргүзүү керек. Кыскасын айтканда, жогоруда аталган илимий багыттар жана долбоорлордун темалары боюнча мындан ары дагы дипломдук, магистрдик жана кандидаттык диссертациялар үзгүлтүксүз аткарыла бермекчи.

***— 45 жылдык илимий-педагогикалык тажрыйбаңыздын негизинде студенттерге айтчу 3 кеңешиңиз?***

— Учурда ОшМУнун жетекчилиги билим берүүнүн жана илимий изилдөөлөрдүн сапатына жакшы көңүл буруп жатат. Биздин химия жана химиялык технология кафедрасынын базасында илимий лаборатория ачылып, бардык шарттар түзүлдү. Бирок, тилекке каршы, азыр илимге кызыккан жаштар өтө аз. Алар негедир химиялык тажрыйбаларды аткаргылыры келбейт. Ушуга байланыштуу үч негизги кеңешим:

1. Илимге кызыккыла! Илимсиз коомдо өнүгүү жок. Илим жасоо чыдамкайлыкты, ак эмгекти жана туруктуулукту талап кылат.

2. Азыркы мүмкүнчүлүктөрдү пайдалангыла! Азыр илим жасоо үчүн шарттар жакшы. Мурда биз адабияттык талдоо же патенттик издөө үчүн Москвага барып, көп каражат жана убакыт жумшачу элек. Азыр болсо, мунун баарын башка жактарга барбай, интернет аркылуу эле жасаса болот.

3. 3. Стартаптарга, илимий иштерге активдүү катышкыла! ОшМУда студенттер үчүн уюштурулуп жаткан стартаптарга жана кафедралардын илим-изилдөө иштерине активдүү катышууңар зарыл. Бул – ар тараптан өнүгүүгө жана кесипкөй адис болууга чоң мүмкүнчүлүк берет.



**Маектешкен: Таттыбүбү Гуламова**

# ОшМУнун студенттери даярдаган контент УТРКнын эфиринен берилет

27-сентябрда Ош мамлекеттик университети (ОшМУ) менен Улуттук телерадиоберүү корпорациясы (УТРК) биргеликте түптөгөн телестудия пайдаланууга берилди. Расмий ачылышка ректор Кудайберди Кожобеков, УТРКнын башкы директору Болотбек Тиллебаев, окутуучулар жана студенттер катышты.

Жаңы студия УТРКнын Оштогу бөлүмүндө жайгашкан. Аны оңдоп-түзөөгө ОшМУ каражат бөлдү. Каражатка декорациясы жасалгаланып, лед-экрандар орнотулду. Ал эми УТРК видео, аудио техника менен жарыктандыруучу техникаларды камсыздады.

Студияда окуу жайдын журналистика бөлүмүнүн студенттери тажрыйба топтоп, теле жаатында адис катары калыптанышына мүмкүнчүлүк түзүлөт. Студенттирдин өз кызыгуусуна карата ар тараптуу долбоорлорду ишке ашырууу пландалууда. Бул күнгө чейин студенттер сыноо мөөнөтүнөн өтүп, рубрикаларды алып барууга даярданышкан. Мындан сырткары телеканал атайын бөлмө да ажыратып берген. Ал жерде студенттер түрдүү жанрдагы долбоорлорду ишке ашырса болот. Алар даярдаган контенттер УТРКнын түз эфиринен, бардык облустардын каналдарынан берилет.

Студенттердин айтымында, алар бул күндү чыдамсыздык менен күтүшкөн, теория менен практиканы бирге алып кетүү үчүн сабактарды дагы дубал экран аркылуу өтсө болот.




















ОшМУнун маалымат кызматы

# ЖУРНАЛИСТИКАДАН ДИПЛОМАТИЯГА

Саламатсыздарбы! Мен, Асилбек Тагайбек уулу, Кара-Суу районунун Кызыл-Суу айылында туулгам. Учурда Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУ) Чыгыш таануу институтунда "Дипломатия" багыты боюнча магистратуранын 1-курсунда окуп жатам. Буга чейин ОшМУнун Журналистика адистигин артыкчылык диплом менен аяктагам.

Жашоомдо эки чоң багыт бар: журналистика жана дипломатия. Азырынча коомчулук мени журналист катары гана тааныйт, келечекте эл аралык мамилелер тармагында да кызмат кылуу тилегим бар. ОшМУдан билим алганыма сыймыктанам. Бул университет мага кесипти гана эмес, ишенимди, тажрыйбаны жана чоң мүмкүнчүлүктөрдү тартуулады.




## КЫЗЫЛ ДИПЛОМ

Мектепте ар дайым активдүү болдум. 1-класстан 9-класска чейин класстын президенти, ал эми 9–11-класстарда "Манас жаштар уюмунун" спикери жана президенти болдум. Ар бир иш-чараны алып барып, коомдук иштердин чордонунда жүрдүм. Бардык сабактардан "беш" деген баага окусам да, мектептен кызыл аттестат ала албай калдым (мектеп боюнча берилбейт экен). Бирок ошол кезден тарта "Жогорку окуу жайды кызыл диплом менен бүтөм" деген бекем максат коюп, аны ишке ашырдым.

Тилегим менен аракетим бирдей болушу үчүн кээде уктабай сабак окуп, маалымат издеп, өзүмдү ар тараптан сынап көрдүм. Убакытка так болууга аракет кылдым: биринчи курсумда бир да сабакка, бир мүнөт да кечиккен эмесмин.

## АЛГАЧКЫ ИЙГИЛИКТЕР

Чынын айтсам, башында ата-энем мени дарыгер болот деп күткөн. Бирок жүрөгүм журналистикага тартып турду. Чечимимди ата-энем оңой кабыл алган жок, айрыкча атам капа болду. Мен бул кесип менен ийгиликке жете турганымды далилдейм деп өзүмө убада бердим. Бул убада сөз бойдон калган жок.

Биринчи курстан тартып эле телеканалдардын кастингдерине катышып, ОшТВ, НурТВ сыяктуу каналдарда иштеп жүрдүм. НурТВда "Дүйнөлүк жаңылыктарды" алып барып, окуум менен катар айлык алып иштедим. Жергиликтүү каналдарда сыноо мөөнөтүнөн өтүп, жаңылыктарды даярдап, алып баруучулук кылып, монтажды үйрөнүп, универсалдуу журналист катары калыптандым. Мен бир эле студент эмес, ишенимдүү кесипкөй болууга умтулдум.

## ТАЖРЫЙБА ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИК

Журналистиканын аркасы менен Кыргызстандын дээрлик бардык облусуна, ал эми Ош облусунун дээрлик ар бир айылына барып, эл менен жолугуп, маалымат даярдап келдим. Биздин иш курулушчулар сыяктуу оор жүк көтөрбөсө да, мээни чарчаткан чоң жоопкерчиликти талап кылат. Айрыкча мамлекеттик деңгээлдеги иш-чараларды чагылдыруу оңой эмес.

Мисалы, жеке менчик телеканалдан УТРКнын Ош филиалына жаңы эле ишке кирген кезимде Өзгөн айланма жолунун ачылышына жөнөтүшкөн. Ага Президент С.Жапаров баштаган бир катар расмий адамдар катышкан. Бул мен үчүн чоң ишеним болду. Бирок ошол күн абдан оор, жоопкерчиликтүү күн эле. Ошондон бери көптөгөн расмий иш-чараларда сюжет даярдап, тажрыйба топтоп келем.

Журналистика менен катар чет өлкөнү да көрүп-билүү кыялым бар эле. Ал кыялым да ишке ашып, эки ирет Германияга барып иштеп келдим. Ал жакта бир гана жумуш менен алек болбостон, алардын маданиятын, билим берүү тармагын сураштырып, көп маалымат алдым. Жаңы досторду таап, дүйнө таанымымды кеңейтип, кесиптик жана жеке жашоодо чоң тажрыйба топтодум.

## ДИПЛОМАТИЯ

Азыркы учурда УТРКнын Ош, Ала-Too 24 телеканалында кабарчы, ал эми УТРКда "Аймактар Ош" көрсөтүүсүндө диктор болуп эмгектенем. Ошол эле учурда магистратурада



окуп жатам. Келечекте журналистикадагы тажрыйбамды дипломатия менен айкалыштырып, эл аралык мамилелерге салым кошууну максат кылам.

Дипломатияга тапшыруу — балалыгымдагы элчи болом деген жөнөкөй сөзүмдөн башталган. Ал кезде бул кесиптин маанисин деле билчү эмесмин. Бирок ошол балалыктагы кыял катары калып калбаш үчүн, билимимди терендетүүгө өзүмө-өзүм ишеним арттым.

Адам үчүн эки же андан ашык кесип оордук келтирбейт. Адам денеси тамак менен жашаган өңдүү, ички жан дүйнөсү, руханий "казан" да дайыма жаңы билимди талап кылат.

## 4-КУРСТАРГА КЕҢЕШ

Студент достор, эч качан бир гана кесип менен чектелип калбагыла деп айткым келет. "Ашыкча дөөлөт баш жарбайт" деген кыргыздын сөзү бекеринен айтылган эмес. Ар бир күнүңөрдү эсептеп, максат коюп, аракет кылгыла, керек болсо күн сайын өзүңөргө баа койгула. Дүйнө билимдүүлөргө ар дайым кулачын жайып турат. Аракет кылган адамга тоскоолдук жок. Кыял максатка айланганда, ал сөзсүз ишке ашат.

**Айганыш Нурлан кызы**

# ЭКИ ДИПЛОМ – БИР МАКСАТ

Бүгүнкү күндө жаштар үчүн билим алуунун, тажрыйба топтоонун жаңы мүмкүнчүлүктөрү кеңейип жатат. Ош мамлекеттик университети сунуштаган КОШ ДИПЛОМ программасы аркылуу студенттер чет өлкөлүк жогорку окуу жайларында окуп, дүйнө таанымын кеңейтип, эл аралык тажрыйбага ээ болууда.

Бул жолу бизге дал ушундай мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбай учурда Казакстан Республикасынын баш калаасы Астана шаарындагы Евразия Улуттук университетинде окуп жаткан Нурзат Абдубап кызы жана Бегайым Кадыркул кызы чет жердеги кыйынчылыктар, артыкчылыктар тууралуу айтып беришти. Алардын таасирлери башка студенттер үчүн багыт болот деген ишеничтебиз.





## Нурзат Абдубап кызы:

### *«Эки эсе талап – эки эсе аракет»*

Мен, Абдубап кызы Нурзат, Ош мамлекеттик университети менен Л.Н. Гумилёв атындагы Евразия улуттук университетинин кош диплом программасынын 3-курсунун студентимин. Бул программа тууралуу алгач угуп, жаңыдан таанышканымда эле абдан жаккан. Анткени студенттик күндөрүмдү өзгөчө маанилүү жана кызыктуу өткөргүм келген. Ар бир жакшы көз ирмем өмүр бою эсте калаары шексиз. Ушундай мүмкүнчүлүктөр студенттерге чоң шык берип, алдыга умтулууга дем берет деп ойлойм.

### ТАЖРЫЙБА ЖАНА АДАПТАЦИЯ

Ош мамлекеттик университетинде өткөн эки жылым ар тараптуу өнүгүү менен коштолду. Илим дүйнөсүнө жетелеп кирген мугалимдерге терең ыраазычылык билдирем. Алардын мазмундуу сабактары, моралдык колдоосу жана жылуу мамилеси жүрөктө калат. Дагы да чоң максаттар менен ЕНУдагы окуу жылын баштап олтурам. Кошуна өлкө болгону менен, өзүбүздүн жерибизден, үй-бүлөбүздөн, көнүп калган окуу жайыбыздан алыстоонун кыйынчылыгы бар экен. Бирок ийгилик кыйынчылыксыз келбей турганын баарыбыз билебиз. Максатка жетүү үчүн кээде айрым нерселерге көз жумууга туура келет. Жаңы чөйрөгө көнүү оңой эмес болсо да, бизге чейин келген эже-агаларыбыз жол көрсөтүп, тажрыйбалары менен бөлүшүп, колдоо көрсөтүп жатышат. Алар менен болгон байланышыбыз бекемделип, чыныгы бир туугандардай мамиле орноду десем жаңылышпайм.

Билим менен катар адамдык баалуу сапаттарыбыз да өсүп жатат. Студенттик жашоо – бул китептер менен гана чектелбеген, достукту, чыдамкайлыкты, жоопкерчиликти жана мекенчилдикти үйрөткөн чоң мектеп. Кайсы гана шаарда болбосун, алыста жүргөн ар бир студенттин жүрөгүндө мекенине болгон сүйүү, үй-бүлөсүнө болгон сагыныч жана келечекке болгон үмүт дайыма жашайт. Чөйрө адамга чоң таасир этет эмеспи. Бул жакка келгенден бери жаңы адаттар калыптана баштады. Китепканалардын жанымда болушу ыңгайлуу болгондуктан көп каттап калдым. Астананын суугуна карабай сейилдеп, чуркап, спорт менен машыккан адамдарды көрүп, бул нерселерге өзүм да көнө баштадым.

### АТААНДАШТЫК ЖАНА МАДАНИЯТ



(Уландысы кийинки бетте)

Жаштык бул - ЖИГЕР! НУР Студенттердин коомдук-маданий гезити @oshsu.kg www.oshsu.kg

Бул жердеги өзгөчөлүктөр — өнүккөн шаар, тазалык, тактык жана катуу талаптар. Окуу процесси Кыргызстандагыдан чоң айырмаланбаса да, атаандаштык күчтүү болгондуктан эки эсе аракет кылууга, билимге дагы да умтулууга багыт алдым.Тайпаларда ар кайсы улуттун өкүлдөрү окуганы үчүн маалымат алмашуу, тажрыйба бөлүшүү кеңири жүрөт. Казак эли менен каада-салттарыбыз, дүйнө таанымыбыз окшош болгондуктан биз көп деле айырмаланган жокпуз. Окуу жайда студенттердин ар тараптуу өнүгүүсү үчүн бардык шарттар каралган.

Проректор менен болгон жолугушууда чет өлкөлүк студенттер үчүн ар кандай ийримдер тууралуу кеңири маалымат берилди. Алардын ичинде чет тилдер, вокал, хореография, спорттук ийримдер жана студенттердин ой жүгүртүүсүн өстүрө турган акыл таймаштары, стартап долбоорлор бар экен. Ушундай мүмкүнчүлүктөр менен билим алып жатканыма абдан кубанам жана келечекте өз кесибимдин мыкты, компетенттүү адиси болом деп ишенем. Бирок бул мүмкүнчүлүк менен кошо чоң жоопкерчилик да келет. Бул — ата-энебиздин ишеничин актай билүү гана эмес, ошондой эле эки элдин достугун бекемдөө. "ОшМУнун студенти" деген чоң жоопкерчиликти ар дайым сезип келем.

## КАЗАКСТАНДАГЫ ТИЛ КҮНҮ

Евразия улуттук университетинде билим алып жаткан Кыргызстандык судентер Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил күнүн белгиледик. Кыргыз тили, каада-салты, улуттук кийимдери, тартууланып жаткан даамдуу тамактары дүйнөнүн булуң-бурчунан келген студенттер үчүн өзгөчө кызыгууну жаратты . Биз тил менен гана чектелбестен, улуттук үрп-адаттарыбызды, жашоо образын жана ар түрдүү өнөрлөрүбүздү да көрсөтүп, көпчүлүктүн кызыгуусун арттыра алдык десем жаңылышпайм.

Студенттердин баары таланттуу болгондугуна сыймыктандым.Ар кадай аспаптарда ойноп, манас айтып, ырдап, бийлеп, майрамдын көркү ачылды. Чоңдорубуз жол көрсөтүп, кичүүбүз алардын сөзүн угуп биримдикте жүргөнүбүз жүрөк жылытып жатты.

Кыргыз Республикасынын Казакстандагы элчилигинин өкүлү Дүйшөкеев Дастан агайыбыз да бизге чоң колдоо көрсөтүп турду. Агай менен жакындан таанышууга, маектешүүгө жана сүрөткө түшүүгө да жетиштик.

Жыйынтыктап айтканда, Тил күнү мыкты деңгээлде өткөрүлдү десем болот. Анткени иш-чара аркылуу эне тилибиздин гана эмес, жалпы Кыргызстаныбыздын да аброюн көтөрүүгө аз да болсо салым коштук деп ишенем.

# Бегайым Кадыркул кызы: *«Астана – алсыздар жана жалкоолор үчүн эмес» деген урааны бар экен*



Баарыңарга салам! Менин аты-жөнүм Кадыркул кызы Бегайым. Мен Ош мамлекеттик университети менен Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин (ЕНУ) кош диплом программасынын 3-курсунун студентимин. Кесибим – котормочу.

Билгениңердей, буга чейинки эки жылдык студенттик күндөрүм ОшМУда өттү. Азыркы учурда Казакстан Республикасында группалаштарым менен билим алып жатабыз.

Бул программаны тандаганыма өкүнгөн күндөрүм болбогон деп айтсам, албетте, туура эмес болот. Эки жыл ичинде ОшМУга, дегеле Ош шаарыбызга өтө отурукташып калганбыз. Бизге сырттан катаал көрүнгөнү менен жан дүйнөсү кенен мугалимдерибиз, досторубуз, ата-энелерибиз бар болчу. Кээ бирлерибиз карьера кура баштаган элек. Ал нерсенин баарын артка таштап, башка өлкөгө, жаңы чөйрөгө кетүүгө туура келди. «Ушул жакта эле калып окуй бер», «кесибиңди которуп аласың» дегендер да болбой койгон жок.

Бирок, бардык нерсеге көз жумуп, ЕНУга келдик. Албетте, көнүп кетүү оңой болгон жок. Абасы Кыргызстандан кыйла эле салкын, суусу, тамак-ашы – баары башкача сезилди. Азыр да толук көнүп кеттик деп айта албайм. Бир аз да болсо бул жактын адамдары менен тил табышып, досторду тапканга жетиштик. Алардын жардамы менен жашообуз жеңилдеп жатат десем жаңылышпайм.

Астананын абасы, көчөлөрү таза, бийик-бийик имараттары, эс алууга арналган жайлары көп экен. Башкача айтканда, тазалык жана жашылдандыруу биринчи орунда турат.

Университетте сабактарыбыз да башталды. Сабактар, албетте, кыйын, бирок бизге акылын айтып, болушунча түшүнбөгөнүңдү түшүндүргөнгө аракет кылган мыкты профессорлор сабак беришет. Билим алуучуларга бардык шарттар түзүлүп, жабдуулар менен камсыздалган. Бул жерде баары билим алып, өз кесибинин мыктысы болом деген студенттер. «Астана – алсыздар жана жалкоолор үчүн эмес» деген урааны бар экен. Өз максатына жоопкерчилик менен караган, тырышчаак студенттер окушат. Окуу-окуу эле болбостон, ар кандай иш-чаралар да тынымсыз уюштурулуп турат. Аларга катышып, ар тараптуу болууга болушунча аракет кылуудабыз.

«Бардык кыйынчылыктын артында жакшылык бар» демекчи, буюрса, биз да өз кесибибиздин мыкты адиси болобуз деген ишенитче жана аракеттебиз. Эгер сиздердин да чет өлкөгө чыгып окуп келүүгө мүмкүнчүлүгүңүз бар болсо, колдон чыгарбаңыз. Сиздин колуңуздан баары келет, болгону өзүңүзгө ишениңиз!



**С. Маматкары уулу**

# Эсимде, бир жолу...

Студенттик доор бир гана билим алуу менен чектелбестен, ар бир күн өзүнчө кызыктуу окуяларга бай келет эмеспи. Өтүп кеткен күндөрдү кайтара албасаң да, эсте калган окуялар эч качан унутулбайт. Алар сени менен дайыма чогуу жүрөт, каалаган убакта эстеп, күлүп, балким, досторуң менен бөлүшө аласың. Мына ушундай кызыктуу учурларды башынан өткөргөн студенттердин окуялары менен бөлүшөбүз.

**Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун 3-курсунун студенти Нуриза Нышанова:**

## «Мен апамды эмес, апам мени тосуп алды»



Студенттик жашоонун алгачкы күндөрү ар бир адам үчүн чоң сыноо болот. Жаңы шаарга көнүү, жаңы сабактарга ыңгайлашуу жана тааныш эмес чөйрөгө аралашуу жаштарга оор сезилет. Бирок ошол эле учурда, бул күндөр ар дайым күлкүгө толгон кызыктуу эскерүүлөргө бай келет.

Мен 1-курста башымдан өткөн кызыктуу күндөрүмдүн бири — окуудан кыйналган учурларым болду. Алгачкы жумада эле үйүмдү жана мектебимди сагынып ыйлаганым эсимде.

Биринчи модуль башталганда, орус тили сабагынан кыйналып, бир жума бою күнүнө жарым саат гана уктачумун. Квартирада кыздар менен чогуу сабак окуйбуз деп бөлмөгө стол алып келип койгон элек. Ал стол бир жума бою ордунан жылган жок. Эң кызыгы — биз төшөк салып уктаган эмеспиз. Түнү бою сабак карап, СӨАИ жазып, китептерди барактап, чарчаганда отурган жерибизде уктап калып, жарым сааттан кийин кайра ойгонуп сабакты уланта берчүбүз.

Ошентип жүрүп, бир күнү столдун кырында араң эле илешип уктап калыптырмын. Эртең менен бетиме столдун кырынын изи түшүп калганын көрүп, кыздар абдан күлүшкөн. Окууга ошондой абалда баргам, "бетиңе эмне болду?" — деп баары сурашкан. Кудайга шүгүр, ошол кыйналган күндөрүмдүн акыбети кайтып, бардык модулдарды "5" деген баага тапшыргам.

Дагы бир күлкүлүү окуя болгон. Апам медициналык кызматкер болгондуктан, аны окууга шаарга жөнөтүшкөн эле. Мен апамды тосуп алуу үчүн автобекетке бара турган автобуска түшпөй, башкага чыгып алыптырмын. Арадан убакыт өтүп, жүргүнчүлөрдүн баары түшүп калышты. Айдоочуга "мен автобекетке барат элем" десем, ал: "Мен ал жакка барбайм", - деп жолдон түшүрүп койду. Ошол жакка кетчү жолду көрсөтүп берди, бирок ал маалда караңгы кирип, маршруттук таксилер токтогон убакыт болуп калгандыктан, эмне кыларымды билбей калдым.

Аңгыча апам өзү такси менен квартирага жетип келиптир. Ал эми мен болсо түшүп калган жеримден үйгө кетчү автобусту таба албай койдум. Айлам кетип "Келечек" базары тарапка кетчү автобуска түшүп, үйгө (дом бытага) жөө басып келүүгө туура келди. Үйгө кирсем, эжем тамашалап: "Сен апаңды тосуп алган жоксуң, тескерисинче апаң сени тосуп алды го", — деп күлдүргөн. Студенттик жашоонун алгачкы кыйынчылыктары ушинтип күлкүлүү эскерүүлөргө айланып, эстен кеткис күндөр болуп кала берди.

Учурда окуу менен бирге аталган институттун студенттик акыйкатчы аппаратынын төрайымы болуп иштеп келем. Студенттик күндөр мага кыйынчылыкта сынбоону, тайманбас болууну үйрөттү.

**Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун 3-курсунун студенти Клара Мамадиярова:**

## «Алгач орус деп ойлошкон экен»



Студенттик жылдар — эч качан унутулбай турган өзгөчө учур. Ар бир адамдын башынан кызыктуу окуялар өтөт, албетте менин дагы.

1-курстун биринчи күнү аралашып кетүү бир аз кыйынчылык жаратты. Алгач өзүм жалгыз отуруп, бир-эки сааттан кийин гана тайпалаштарым менен баарлаша баштадым. Кийинчерээк жакындан таанышканыбызда, алар мага: "Биз сени башында орус кыз окшойт деп ойлогонбуз. Келбетиң, чачың, атүгүл атың да Клара болгондуктан таң калып, "орус болгону менен кыргызчаны так сүйлөйт экен, эмне үчүн кыргыз тил бөлүмүнө тапшырыптыр?" деп ойлонгонбуз", — дешти.

Алардын сөзүн угуп абдан күлдүм. Чынында, кээде көчөдөн таанылбаган адамдар дагы мени орус деп ойлошот. Шаарга келген айрым орустар мени менен орусча сүйлөгөн күндөр да болгон. Кээде күзгүнү карап, "чындап эле орускa окшош экенмин" деп ойлоп калам.

(Уландысы кийинки бетте)

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg



**Педагогика, искусство жана журналистика институтунун 2-курсунун студенти Айганыш Нурлан кызы:**

## *«Студенттер эт жегенге болбойт окшойт деп ойлогом»*

1-курста 4 (б) жатаканасына 4 кыз чогуу жайгашканбыз. Ашкана бирөө эле болгондуктан, баарыбыз тамакты ошол жерден жасайт элек. Бир күнү кезек мага келип, тамак жасоого чыктым. Карасам, баары тамак кылып жатыптыр, газ плиталар бош эмес экен. Казандардын ичине үңүлсөм, окшош эле картошка, пияз, сабиз куурулуп жатыптыр. Эт кошуп куурулган бир да адам жок. Мен өзүмчө "жатаканада жашагандарга эт жегенге болбойт окшойт" деп ойлоп койдум. Ата-энем айылдан "азык-түлүк, эт салып жиберели" деп чалышканда, мен "жатаканада эт жешпейт экен, салбай эле коюңуздар" деп айткам.

Кийинчерээк, студенттердин жашоо шартын түшүнүп, эт алууга каржы жагынан кыйналышарын билдим. Адамдын оюу күлүк эмеспи, кээде ойлонбой туруп эле туура эмес жыйынтык чыгарып алабыз. Азыр үй-бүлөм тамашалап: "Быйыл эт жеген студенттер бар бекен?",- деп айтып калышат.

Ошол окуядан эки күн өткөн соң, спорттук кийимимди жууп, жипке жайып койгон элем. Бир күнү ошол кийимимди издеп таппай калдым. Жайганым ошондо гана эсиме түшүп, карасам ордунда жок. Вахтада 5 күн бою илинип турган кийим көзүмө жылуу көрүнө берчү. Көрсө, жанагы мен жайган кийимим шамалга учуп кеткенде, вахтадагы эже таап, илип койгон экен. Кийинчерээк сурасам, башка бирөө меники деп алып кетиптир. Ал кийимди ким кийип жүргөнүнө абдан кызыктым, бирок ал адам эч качан алдымдан чыккан жок. Эхх, ошентип, бир кийимимди бейтааныш бирөөгө берип коюптурмун.

**Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун 2-курсунун студенти Дастан Сабыров:**

## *«Окуу жайга жөө каттачумун»*



Шаарга жаңы көнүп жаткан кезде көп күлкүлүү окуялар болгон. Окуу жайга жөө басып каттачумун, эмнеге экенин өзүм да билбейм. Балким, эч кимден сурабай эле өзүм үйрөнүп кетем деп ойлогон окшойм. Кайсы маршрут, кайсы автобус каякка барарын кызыккан да эмесмин. Үй менен окуу жайдын аралыгы жөө жарым саат, ал эми автобус менен 15 мүнөт болчу.

Убакыт өткөн сайын эрте жетүүнүн амалын кылып, бир күнү 43-автобуска отуруп алдым. Ал базарды аралап, "Достук" көпүрөсүнөн өтүп, жогору көздөй кетип бара жатты. Ошондо оюмдагыдай болбой калганын түшүнүп, шашып түшүп калдым. Анан кайра эле жөө басууга туура келди. Бир жума бою ушинтип кыйналып каттадым.

Кийинчерээк чогуу жашаган бала окуу жайдын алдына бара турган автобусту айтты. "Эмнеге эрте эле сурап алган эмесмин?" деп азыр эстесем күлкүм келет. Шаар баары бир шаар экен, жаштык кылып кийген кийимиме да маани бербептирмин. Алгач жарашыктуу кийине албай, айылдан жаңы келгенимди ошентип билдирип койчумун.

Бирок убакыт өтүп, 2-курска келгенде башкалардан дарек сурабай, тескерисинче, аларга сураган жерин көрсөтүп, кайсы маршрут же автобус барарын айтып калдым. Бул күндөр эсимден эч качан кетпейт. Азыр "1-курсмун" деп тааныштар айтып калса, менин оюма дароо ошол кездер эске түшөт.

**Медицина факультеттин 2-курсунун студенти Уултай Алтынбек кызы:**

## *«Бөлмө таппай адашып»*



Студенттик жашоонун алгачкы күндөрү ар бир адам үчүн унутулгус окуяларга бай болот. Менин да башымдан бир кызыктуу окуя өткөн.

1-сентябрь күнү келгенимде негизги жол менен окуу жайды байланыштырып турган көпүрө селден улам жабылып калыптыр. Мен бул тууралуу билбегендиктен, адашып башка жакка келип калдымбы деп ойлондум. Бирок мага окшогон студенттердин көп экенин көрүп, алар менен бирге айланып кирүүгө туура келди. Жолдо баратып 2 курбу тапканга жетиштим.

Эртеси сабакка кечикпей жетем деп эрте жолго чыктым. Бирок ошол замат кыйынчылык башталды: картадан көрсөтүлгөн бөлмөнү таба албай, коридорлордон адашып кеттим. Ар бир эшикти ачып карасам, баары башка аудиториялар. Бир профессорду жолуктуруп, "бул кабинет кайда?" десем, ал башка тарапты көрсөттү. Ар кимден сурасам, ар башка багытты айтып жатышты. Бир ыйлагым келип, бир күлкүм келип жатты.

Акыры бир коридордун аягында чогулган студенттерди көрүп, алардан сурасам: "Ооба, сен ошол бөлмөгө барасың, бирок ал бул жерде эмес, экинчи корпуска өтүшүң керек", — дешти. Ошондо уялып кеттим, бирок ошол эле учурда бул нерсе мага күлкүлүү сезилди.

Керектүү жерди таап кирсем, биринчи сабак бүтүп калыптыр. Демек, 90 мүнөт бою адашып жүрүптүрмүн. Эмне болгонун эч кимге айткан жокмун, кийин гана жакын курбуларыма айтып бердим. Ошондон кийин тайпалаштарым мага: "Сен бир саат эрте келе бер, дагы адашып кетпе", — деп тамашалап калышат.

Азыр болсо кайсы бөлмө кайда экенин жакшы билем. Ошол окуя мени бир нерсеге үйрөттү: медицинада адашууга болбойт, анткени адамдын өмүрү менен иштейсиң. Ар бир сабакты жана практикалык көнүгүүнү так аткарып, жакшы окуу — болочокто бейтаптардын өмүрүн сактоонун негизги жолу экенин түшүндүм.

**Айганыш Нурлан кызы**

# Сюрреализмге саякат

Көзүңүздү жумуп, кыялыңыздагы эң кызыктай нерсени элестетип көрүңүз. Балким, асманда учуп жүргөн балыктарды, же болбосо убакыттын эч кандай мааниси жок дүйнөнү элестеттиңиз. Мына ушул - сюрреализм. Бул жөн гана сүрөт эмес, бул биздин аң-сезимибиздин тереңинде жаткан кыялдардын, сезимдердин жана ойлордун эркиндиги. Бүгүнкү чыгарылышыбызда биз сиздерди искусствонун эң сырдуу жана таң калтырган агымдарынын бири — сюрреализм дүйнөсүнө саякатка чакырабыз. Бул багыт кантип пайда болгон, ал кандай максатты көздөйт жана эмне үчүн ал азыркы жашообузда да актуалдуу бойдон калып жатканы тууралуу ой толгойбуз.



## Сюрреализм деген эмне?

Сюрреализм көпчүлүккө түшүнүксүз сезилген, сырдуу искусство агымы. Ал чындыктын чегинен чыгып, түшкө окшош дүйнөнү жаратып, бизди кыялдар ааламына жетелейт. Бул көрүнүш сүрөттөрдө, кинолордо жана жарнамада кеңири колдонулат. Сюрреалисттер реалдуу нерселерди фантастикалык образдар менен айкалыштырышат.

"Сюрреализм" деген сөз француз тилиндеги "sur" ("жогору" же "тышкары") жана "realisme" ("чындык") деген сөздөрдөн куралган. Бул агым алгач адабиятта пайда болуп, кийин сүрөт өнөрүнө жайылган.

Сюрреализм 20-кылымдын башында, искусство менен илимде чоң өзгөрүүлөр болуп жаткан мезгилде жаралган. Бул кыймылдын негизги идеясы адамдын аң-сезимсиз дүйнөсүн изилдөө болгон. Кадимки дүйнөнү же эмоцияларды гана чагылдырган башка агымдардан айырмаланып, сюрреалисттер түштөрдү, фантазияларды, ички коркунучтарды жана каалоолорду ачып берүүгө аракет кылышкан.



***(Сүрөттүн аталышы: Голконда (англ. Golconda) Автору: Рене Магритт Тартылган жылы: 1953)***

## Көрүнүктүү сюрреалисттер

Сюрреализмдин эң белгилүү өкүлдөрү:

* Сальвадор Дали (1904–1989) – Сюрреализмдин эң таанымал сүрөтчүсү.

* Рене Магритт (1898–1967) – Кадимки нерселерди күтүүсүз контекстке жайгаштырып, көрүүчүнүн логикасын бузат.

* Макс Эрнст (1891–1976) – Сюрреализмдин негиздөөчүлөрүнүн бири.

* Ив Танги (1900–1955) – Абстракттуу, космостук пейзаждары менен белгилүү.

* Андре Бретон (1896–1966) – Сюрреализмдин "атасы". Ал "Сюрреализмдин манифестин" жазган.

* Луис Бунюэль (1900–1983) – Сюрреализмди киного алып келген режиссёр.

## Сүрөт өнөрүндөгү сюрреализм

Сюрреализмдин негизги максаты – акылды логикалык чектөөлөрдөн бошотуу. Бул стихиялуу чыгармачылыкка жана фантазияга кеңири жол ачат. Сюрреалист сүрөтчүлөр адаттан тыш образдарды, абсурд көрүнүштөрдү жана күтүлбөгөн айкалыштарды колдонуп, көрүүчүнү дүйнөгө башкача көз караш менен кароого чакырышат.

Сюрреализмдин негизги өзгөчөлүгү – чыгармачылык эркиндикти терең философиялык маани менен айкалыштырганы. Анын өкүлдөрү искусство адамзаттын сезимдерин жана тажрыйбасын түшүнүүнүн ачкычы деп эсептешкен. Алар аң-сезимдин сырдуу дүйнөсүн ачып берүүгө аракет кылышкан.

Сюрреализм жөн гана бир стиль эмес, бул ой жүгүртүү ыкмасы. Ал сүрөтчүлөргө мурда түшүнүксүз деп эсептелген нерселерди изилдөөгө, суроо жараткан, эс-тутумда сакталып кала турган искусствону жаратууга мүмкүнчүлүк берген.

## Жарнамада колдонулушу




Сюрреализм жарнамада эффективдүү ***(Chupa Chups – жегенде кубаныч тартуулоочу фантазиялык образдар)***

курал катары колдонулат, анткени:

Көрүүчүлөрдүн көңүлүн дароо бурат. Адамдын мээси күтүүсүз жана логикага сыйбаган образдарды бат эле байкайт. Сюрреалдык элементтер стереотиптик ой жүгүртүүнү бузуп, эмоционалдык реакция жаратат.

Эсте калуу эффектин күчөтөт. Психологиялык изилдөөлөр көрсөткөндөй, эмоция жараткан сүрөттөр көпкө чейин эсте сакталат.

Бренд менен эмоционалдык байланышты түзөт. Сюрреализм жарнаманы жөнөкөй маалымат берүүчү эмес, эмоционалдык тажрыйбага айлантат. Бренддин адаттан тыш образы психологиялык байланышты түзүп, адамдын аң-сезиминде өзгөчө элес калтырат.

## Негизги түрлөрү

Сюрреализм ичинде бир нече ыкмалар бар, анткени ал ар кандай көз караштагы сүрөтчүлөрдү бириктирген.

**1. Фигуративдик сюрреализм**

Бул агымдын сүрөтчүлөрү реалдуу көрүнгөн, бирок логикага сыйбаган композицияларды жаратышкан. Сальвадор Дали бул агымдын эң белгилүү өкүлү.

*(Уландысы кийинки бетте)*

Анын эрип бараткан саатты чагылдырган "Эс тутумдун туруктуулугу" картинасы сюрреализмдин символу болуп калган.

**2. Абстракттуу сюрреализм**

Бул жерде сүрөтчүлөр конкреттүү образдарды жана формаларды четке кагып, сезимдерге, кыймылга жана түскө басым жасашат. Жоан Миро бул кыймылдын негизги өкүлдөрүнүн бири болгон. Ал өз чыгармаларында белгилерди, фигураларды жана жандуу түс контрасттарын колдонуп, аң-сезимди эркин сызыктар жана тактар аркылуу ачып берет. Мисалы, анын "1968-жылдын майы" картинасы революциянын жана эркиндиктин духун түс, форма жана ритм аркылуу чагылдырат.

**3. Автоматизм**

Бул ыкма алдын ала ойлонбостон, өзүнөн-өзү тартуу идеясы менен байланышкан. Сүрөтчүлөр аң-сезимсиздигине эркиндик берип, күтүлбөгөн сүрөттөрдүн пайда болушуна шарт түзүшкөн. Андре Массон автоматизмдин алдыңкы өкүлү болгон. Анын "Балыктардын салгылашы" сыяктуу чыгармалары динамизми жана күтүлбөгөн чечимдери менен айырмаланат.

**4. Метафоралык сюрреализм**

Бул агымда сүрөтчүлөр татаал идеяларды жана сезимдерди берүү үчүн метафораларды колдонушат. Рене Магритт метафоралык сюрреализмдин алдыңкы чеберлеринин бири. Анын адамдын жүзүн жашыл алма жаап турган "Адам уулу" чыгармасы жөнөкөй нерселерден жашыруун маанини издөөнүн белгилүү үлгүсү болуп калды.

## Сюрреализм бүгүнкү жашоодо

Сюрреализм жөн гана тарыхый агым болуп калган жок. Анын таасири азыр да жашообуздун көп тармактарында байкалат:

- Кинодо: Кристофер Ноландын "Башталыш" (Inception) же Тим Бёртондун тасмаларында сюрреализмдин элементтерин көрүүгө болот.
- Жарнамада: Эгерде жарнама бизди күтүүсүз жана таң калыштуу образ менен тартса, анда ал сюрреализмден шыктанган болушу мүмкүн.
- Модада: Мода көрсөтмөлөрүндө да сюрреалисттик идеялар колдонулат. Мисалы, таң калыштуу формадагы кийимдер же аксессуарлар.

## Сюрреализмдин пайдалуу жактары

1. Чыгармачылыкты өнүктүрүү: Сюрреализм адамдын ой жүгүртүүсүн калыптанып калган алкактан чыгарууга жардам берет. Ал логикага байланбай, чыгармачылыкты жана элестетүү жөндөмүн арттырат. Бул дизайнерлер, жазуучулар жана башка чыгармачыл кесип ээлери үчүн абдан маанилүү.
2. Эмоцияларды ачыкка чыгаруу: Сүрөтчүлөр жана жазуучулар сюрреализм аркылуу ички сезимдерин, коркунучтарын жана кубанычтарын ачык айта алышат. Бул психологиялык жактан пайдалуу, анткени сезимдерди чыгарууга жана түшүнүүгө жардам берет.
3. Коомдук нормаларды сындоо: Сюрреализм көбүнчө коомдогу нормаларды, эрежелерди жана бийликти сындоо үчүн колдонулган. Бул адамдарды көйгөйлөргө башкача көз караш менен кароого жана сынчыл ой жүгүртүүгө үндөйт.
4. Терең ойлорду берүү: Күнүмдүк жашоодо көзгө көрүнбөгөн же маанисиз сезилген нерселер сюрреализмде терең философиялык мааниге ээ болот. Бул көрүүчүнү же окуучуну жашоо, убакыт жана аң-сезим жөнүндө ойлондурат.

## Сюрреализмдин зыяндуу жактары

1. Түшүнүү кыйындыгы: Сюрреалисттик чыгармалар көбүнчө логикага каршы болгондуктан, аларды түшүнүү кыйынга турат. Көрүүчүлөр жана окуучулар чыгарманын маанисин түшүнбөй, адашып калышы мүмкүн.
2. Маданияттар аралык тоскоолдуктар: Сюрреалисттик эмгектердин мааниси көбүнчө маданиятка байланыштуу болушу мүмкүн. Башка маданияттын өкүлдөрү автордун маанисин түшүнбөй калышы ыктымал.
3. Жоопкерчиликсиздикке түртүү: Кээ бир учурларда, "логикасыз" чыгармачылык адамдарды жашоодогу жоопкерчиликсиз аракеттерге же иррационалдуу чечимдерге түртүшү мүмкүн.
4. Жөнөкөйлүктүн жоголушу: Эгер бардык искусство сюрреалисттик болсо, биз дүйнөнүн жөнөкөй сулуулугун — реализмди жоготуп алышыбыз ыктымал. Мисалы, кооз табиятты же адамдын чыныгы эмоцияларын чагылдыруу маанилүүлүгүн жоготуп коюшу мүмкүн.

Жыйынтыктап айтканда, сюрреализм — бул жөн гана сүрөт стили эмес. Бул биздин аң-сезимдин тереңинде жаткан кыялдарды, ойлорду жана сезимдерди ачууга мүмкүндүк берген философия. Ал бизди дүйнөгө стандарттуу эмес көз караш менен кароого, өзүбүздүн логикалык чектөөлөрүбүздөн чыгууга үндөйт. Ошондуктан, сюрреализм искусстводо, кинодо жана жарнамада өзүнүн ордун жоготпой, күн сайын биздин жашообузга жаңы түстөрдү жана маанилерди кошуп турат. Бирок, аны чектен ашык колдонуу түшүнбөстүккө жана башаламандыкка алып келиши мүмкүн. Ошондуктан, сюрреализмди жана башка агымдарды айкалыштыруу эң туура жол. Бул макала сиздерди сюрреализмди тереңирээк изилдөөгө жана айланаңыздагы дүйнөгө жаңыча көз караш менен кароого түрткү берет деп ишенебиз.



***Сүрөттүн аталышы: "Эс тутумдун туруктуулугу" (испанча: La persistencia de la memoria).***
***Автору: Сальвадор Дали (1904-1989).***
***Тартылган жылы: 1931.***




***Бул сүрөт – Kenzo мода брендинин 2013-жылкы күзгү жарнамалык кампаниясы, аны Toilet Paper журналы менен биргеликте түзүшкөн.***



***Сүрөттүн аталышы: "Адам уулу" (англ. The Son of Man)***
***Автору: Рене Магритт***
***Тартылган жылы: 1964-жыл***

**Алина Абдикеримова**

# КАЛЕМГЕР

Ар бир адамда табиятынан берилген талант болот эмеспи. Ал талантты өркүндөтүп кетиш өз колубузда. Биздин студенттер да кайсыл тармак болбосун өзүн-өзү өнүктүрүүнүн үстүндө жан үрөп иштеп жатышат. Алардын арасында ыр жазган досторубуз да бар. Мына ушул досторубузду коомчулукка тааныштыруу максатында “Калемгер” аттуу рубрикабызды сунуштайбыз. Анда эмесе жаш досубуздун дүйнөсүнө сүңгүйлү.



## Абдурашит Рахматуллаев

Абдурашит Рахматуллаев 2003-жылдын 10-декабрында Ош облусунун Кара-Суу районуна караштуу Папан айыл өкмөтүнүн Кожо-Келен айылында төрөлгөн. 2011-жылы Ош шаарындагы № 50 П.Ж.Нышанов атындагы мектеп-гимназиясына кирип, 2020-жылы артыкчылык күбөлүк менен аяктаган. Учурда ОшМУнун филология жана маданият аралык коммуникациялык институтунун сырттан окуу бөлүмүнүн 4-курсунун студенти



*Жан дүйнөнүн сырын келген билгиси,*
*Бир акында жашайт экен миң киши.*
*Акын деген ай-ааламдын жарчысы,*
*Акын деген адамдыктын үлгүсү...*

### Ата-энемдин батасы

Аалам мага караңгыдай сезилип,
Калган күнү кайран жүрөк эзилип.
Алдыма нур төгүлгөнсүйт ар убак,
Келген кезде апа, сага кезигип.

Ийгиликке жетеледиң колумдан,
Ийилтпестен түзөп келдиң жонумдан.
Ийри басып кеткен болсом адашып,
Изиң салып туураладың жолумдан.

Атам - бактым, аска-зоом урабас,
Кайрат, күчүм тайгак жолдо кулабас.
Өзүң барда бүтүн менин дүнүйөм,
Кайгы-капа буроо салып бурабас.

Узап сенден алыс жакка барганда,
Улутунуп өзүңдү эстеп калганда.
"Сыймыктанаар уулум"-деген мен үчүн,
Сөзүң дарман жаным кубат алганга.

Керек эмес дүр-дүнүйө артканга,
Кереметти көрсөтсө да ар таңда.
Ата-энем, берген алкыш, батаңар,
Азап жолун бөгөп турса аркамда.

### Ашыктык

Ашыктык ай, далай соону мас кылган,
Канча ирет бийик башты пас кылган.
Айрылышпас жандарды да ирмемде,
Кайраштырып, акыр түбү кас кылган.

Ашыктык ай, кээ бирөөнү таарынткан,
А, башкасын жылдар бою сагынткан.
Күлмүңдөгөн көздөр жүрчү кечээ эле,
Күйүп турат, эч ким жоктой басылткан.

Ашыктык ай, кимдергедир чак болду,
Ачып гүлүн жүрөктөргө бак конду.
Айыгышпас душмандардын достугу,
Ал себептүү урмат-сыйга нак толду.

Мына ушундай ашыктыктын так жүзү,
Болот экен ар бир жолдун таш, түзү.
Бирок, өмүр ушул менен таттуудур,
Окшобостур болсо жалаң ак түсү.



### Мугалимим

Мугалимим, билим булак түгөнбөгөн,
Кемчилигим толукташып түгөлдөгөн.
Өзүңүзсүз калмак экем тебеленип,
Сары талаа чырпыгындай түк өнбөгөн.

Мугалимим, сыныгымды бүтүндөгөн,
Мыктыларга кошуптурсуз күпүлдөгөн.
Сизсиз балким, алоолонгон отко эмес,
Айланмакмын чычалага түтүндөгөн.

Мугалимим, акыл азык бергенимсиз,
Билим огу таамай тийген мергенимсиз.
Ойлор турат катуу түймөк чиеленген,
Оңолууга кыйналмакмын мен деминсиз.

Мугалимим, мени мактап, жактадыңыз,
Таалим менен талыкпастан таптадыңыз.
Арасынан күлүктөрдүн атырылган,
Байге албай калганымда качпадыңыз.

Мугалимим, беттегенден кайтпадыңыз,
Бекинсем да жемеңизди айтпадыңыз.
Берген кезде өз жемишин мээнетиңиз,
Баркын билдим сиздин акыл айтканыңыз.

Жете албадым, мейли, алтын тамгаларга,
Сертификат дагы далай башкаларга.
Сизсиз менин себепкерим бул өмүрдө,
Сүйүү менен акындыкка баш багарда.

Жашоодогу кол жеткизген жеңиштерим:
Туура жүрүп, туш келгенин жеп-ичпедим.
Убагында суугарыпсыз жемиш багын,
Азыр мына төгүп жатат жемиштерин.

**Айжан Досатова**

Жаштык бул - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg



# КЕЗДЕМЕДЕГИ ЭМОЦИЯ

Мода – бул жөн гана кийим эмес, ал жашоонун түркүн түсүн жана жеке инсандын ички дүйнөсүн чагылдырган өзгөчө тил. Учурдун талабы – саркеч жана билимдүү болуу. Мына ошол моданын тилинде сүйлөгөн, келечекке умтулган, таланттуу студент – Арууке Абдыракманова. Ал Ош мамлекеттик университетинин «Костюмду көркөм долбоорлоо» адистигинин магистранты. Арууке үчүн кездеме – бул жөн гана материал эмес, ал эмоцияны, эстеликти жана доорду чагылдырган жандуу тил.

Маекте биз Аруукенин чыгармачылык жолу, билим алуудагы тажрыйбасы жана модага болгон көз карашы тууралуу кенен сүйлөштүк.

***— Салам, Арууке! Окууларың кандай? Өзүң жөнүндө кыскача тааныштырсаң.***

— Саламатсызбы! Окуум абдан жемиштүү өтүп жатат. Ар бир күнү жаңы нерселерди үйрөнүп, чыгармачылыгымды, кесиптик көндүмдөрүмдү өрчүтүп жатам. Учурда Ош мамлекеттик университетинде "Костюмду көркөм долбоорлоо" багытында магистратурада билим алуудамын. Бул кесипти тандаганымдын себеби жөн гана кийим тигүү же сүрөт тартуу эмес. Бул – ички дүйнөмдү, философиялык көз карашымды ачуу, дүйнөнү башкача өң-түс менен көрүп, аны башкаларга жеткирүү.

***— Бул кесипке кантип келдиң?***

— Мен кичинекей кезимден эле сүрөт тартууга, боёктор менен ойноп, бир нерсени кооздоого абдан кызыгып келем. Башында бул жөн гана хобби болчу. Бирок, убакыт өткөн сайын бул мени толуктап, багыттап келген турмуштук жол экенин түшүндүм. Художник-стилист кесиби – бул жөн гана иш эмес, бул адамдарга өзүнүн уникалдуулугун көрсөтүүгө, өзүнүн ички дүйнөсүн кийим же образ аркылуу тайманбай ачууга жардам берүү. Бул – адамдын жеке брендин түзүүгө көмөк көрсөтүү.

***— Мода сен үчүн?***

— Мен үчүн мода – бул жөн гана бренддердин жана тренддердин жыйындысы эмес. Бул – өзүмдү билдирүүнүн жана ички дүйнөмдү сыртка чыгаруунун күчтүү куралы. Мода адамдын мүнөзүн, көз карашын, коомдук позициясын чагылдырган маанилүү маданий көрүнүш деп эсептейм. Ал коомдун өзгөрүүсүн, тарыхый процесстерди да өзүнө сиңирип турат.

***— ОшМУ сага кандай мүмкүнчүлүктөрдү бере алды?***

— ОшМУ мен үчүн чоң гана мектеп эмес, чыгармачылыктын инкубатору болду. Бул жерде мен теориялык негиздерди гана үйрөнбөй, чыныгы турмуштук жана кесиптик тажрыйба топтодум. Университет мага:

* Эл аралык мастер-класстарга жана көргөзмөлөргө катышууга;

* Тажрыйбалуу, алдыңкы адистерден сабак алууга;

* Жеке долбоорлорумду ишке ашыруу үчүн бардык шарттарды жана материалдык-техникалык базаны пайдаланууга мүмкүнчүлүк берди.

Эң негизгиси – мен бул жерде өзүмдүн чыгармачылыгымды, инновациялык идеяларымды ишке ашырууга колдоо жана мотивация алдым. Университет – бул жөн гана диплом эмес, бул жашоонду өзгөртө турган трамплин.

***— Окууңдагы эң чоң кыйынчылык кайсы болду, аны кантип жеңдиң?***

— Эң чоң кыйынчылыгым – теория менен практиканы тең салмакта алып жүрүү болду. Кээде сабактар өтө көп болуп, чыгармачылык долбоорлор үчүн убакыт тартыш болуп калчу. Бирок ушул кыйынчылыктарды жеңүү мени чыйралтты жана убакытты туура бөлүштүргөндү (тайм-менеджмент) үйрөттү. Мен ар бир тоскоолдук – бул өсүү жана кесиптик чеберчиликти жогорулатуу үчүн мүмкүнчүлүк экенин түшүндүм.

***— Мобилдүүлүк боюнча кайсы университетке барып келдиң?***

— Мен Алматы технологиялык Университетине (Казакстан) барып, бир семестр окуп келдим. Бул сапар мен үчүн чоң тажрыйба болду. Жаңы өлкө, жаңы маданият, жаңы билим берүү системасы, эл аралык студенттер – мунун баары менин көз карашымды абдан кеңейтти.

Алматыда мен эл аралык долбоорлорго катышып, башка өлкөлөрдүн студенттери менен биргеликте иштедим, бул мени ишенимдүү жана коммуникабелдүү кылды. Ал жердеги мода индустриясы, креативдүү чөйрө менен таанышуу – келечектеги кесиптик жолумду так аныктоого чоң өбөлгө түздү.

***— Өзүңдү кайсы 3 сөз менен мүнөздөйсүң?***

— Мен өзүмдү: чыгармачыл (креативдүү), жоопкерчиликтүү жана демилгелүү адам деп эсептейм.



* Чыгармачыл сапатым мага ар дайым жаңы, уникалдуу идеяларды табууга жана калыптанган ойлордон чыгууга жардам берет.

* Жоопкерчилик – баштаган ишимди жогорку сапатта, убагында аягына чейин жеткирүүгө түрткү берет.

* Демилгелүүлүк болсо ар дайым позитив алып келип, ар кандай кырдаалда алдыга жылууга, жаңы долбоорлорду баштоого түрткү берет.

***— Студент болуу сен үчүн?***

— Студент болуу – бул жөн гана сабакка катышуу эмес. Бул өзүн таанып, келечегинди, кесибинди куруунун эң маанилүү, чечүүчү баскычы. Студенттик жашоо – бул кыйынчылыктар менен кубанычтарды, ийгиликтер менен катачылыктарды аралаш өткөрүп, чоң, чыныгы турмушка даяр болуу мектеби.

***— Жаштарга айтарың?***

— Студенттик жылдар – эң баалуу жана кайрылгыс учур. Ар бир күнүңөрдү текке кетирбегиле, мүмкүнчүлүктөрдү колдон чыгарбагыла! Көп үйрөнгүлө, көп изилдегиле, эл аралык тажрыйба топтогула. Азыркы аракетиңер, талыкпаган эмгегиңер эртеңки келечегиңерди, ийгиликтүү карьераңарды аныктайт.

***— Маегиңе терең ыраазычылык билдирем. Чыгармачылык ийгиликтерди каалайм!***

**Эльнура Кудайбердиева**

# БАКТЫЛУУБУ ЖЕ БАКТЫСЫЗБЫ?

Дүйнө жүзүндө канча адам болсо, тагдырлары да ошончо түрдүү жазылат эмеспи. Айрымдар өмүр бою бир да кырсык көрбөй тынч жашаса, кээ бирөөлөрдүн жашоосу кинонун сценарийиндей укмуштуу окуяларга туш болот. Мындай адамдардын бири – хорватиялык музыкант Фране Селак. Ал «дүйнөдөгү эң бактысыз, бирок ошол эле учурда эң бактылуу адам» деген атка конгон. Анда эмесе кызыктуу тагдырдын ээси Фране Селактын жашоосуна көз жүгүртөлү.





## Өмүр жолу

Фране Селак 1929-жылы Хорватияда туулган. Ал жаш кезинен эле искусствого кызыгып, музыка дүйнөсүнө аралашкан. Селак өмүр бою музыка мугалими жана хор жетекчиси болуп эмгектенип, көптөгөн жаштарды тарбиялаган. Өзүн жөнөкөй, эл менен тең жашаган адам катары сүрөттөшөт. Бирок анын аты дүйнөгө музыкасы менен эмес, укмуштуу тагдыры менен таанылган.

## Өлүм менен болгон күрөш

Селактын өмүр баянын укканда, ал жомоктогудай сезилет. Бирок анын жашоосу чыныгы тарыхый фактыларга негизделген.

- 1962-жылы ал отурган поезд дарыяга кулап түшүп, 17 адамдын өмүрүн алган. Бирок Фране жеңил жаракат менен гана аман калган.
- 1963-жылы ал бараткан учак кырсыкка учурап, эшиги ачылып кеткенде ал учуп чыгып кеткен. Тагдыр ага ырайым кылып, бул окуядан да тирүү калган. Бирок ошол апаат 19 жүргүнчүнүн өмүрүн алган.
- 1966-жылы автобуста бара жатып, дагы бир чоң кырсыкка туш келген. Көп адамдар каза болуп, ал дагы бир жолу «өлүмдөн кутулган».
- Андан кийин да анын айдаган унаасы бир нече ирет кырсыктап, күйүп кеткен учурлар болгон, бирок ар дайым аман калган.

## Тагдырдагы бурулуш

Мындай кырсыктардан аман калып, жашоосун улантуу өзүнчө керемет болсо, 2003-жылы Фране Селак лотереядан миллион евродон ашык акча утуп алган. Бул анын тагдырындагы эң чоң бурулуш болгон. Бирок ал байлыкка көпкө кармалган жок. «Чыныгы бакыт – акчада эмес» деген түшүнүк менен көпчүлүк каражатын туугандарына жана жакындарына таратып берген. Өзү болсо жөнөкөй жашоону тандап, карылык жылдарын айылында өткөрүп, жашоодон тынчтык издеп жашаган.

## Акыркы жылдары

Фране Селак карылык жылдарын Хорватиядагы кичи мекенинде жашаган. Тагдыр менен өмүр бою күрөшүп келген бул адам 2016-жылдын 30-ноябрында, 87 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Анын өлүмүнүн так себеби тууралуу маалымат берилген эмес. Бирок анын өмүр баяны адамзат тарыхында «өлүмдү бир нече ирет жеңген», ошол эле учурда бакыттын да сырын ачкан инсан катары кала берди.

## Тагдырдын сабагы

Фране Селактын өмүрү – адам баласынын тагдыры кандай гана сыноолорго туш болбосун, жашоонун уланарына, ар бир күнү белек экенине далил. Анын окуялары бизге:

- өмүрдүн баалуулугун сезүүгө,
- ар бир күндү ыраазычылык менен кабыл алууга,
- байлыкка эмес, адамдык баалуулуктарга умтулууга

чакырат.

*Окурман, сен кандай ойлойсуң? Бакытты акчадан, ийгиликтен же даңктан издөө керекпи? Же күн сайын таң атканынын өзү эле бакытпы?..*

**С. Маматкары уулу**

# Жаңы жашоого кадам



Салам, 1-курс! Силерди алдыда кызыктуу жашоо күтүп турат. Мектептеги тааныш чөйрөдөн чыгып, эркиндиктин, жоопкерчиликтин жана жаңы мүмкүнчүлүктөрдүн дүйнөсүнө кирдиңер. Биринчи курста адашып калбоо жана ар бир күндү пайдалуу өткөрүү үчүн, биз силер үчүн 10 маанилүү кеңеш даярдадык.

**1. Убакытты башкаруу** — эң негизги көндүм. Университетте эч ким сага "сабакка кел" деп телефон чалбайт. Мугалимдер лекция окуйт, а сен аны угууну же укпоону өзүң чечесиң. Бирок, экзаменге же сессияга келгенде, бүтпөгөн иштердин тоодой болуп топтолуп калбашы үчүн, ар бир сабакты өз убагында окуп, тапшырмаларды өз мөөнөтүндө аткарууну азыртан башта. Күнүмдүк же жумалык планер колдонууну адат кыл. Ал сага окуу, эс алуу жана достор менен жолугушуу убактысын туура бөлүштүрүүгө жардам берет.

**2. Сүйүктүү хоббиңди улантып, жаңыларын изде.** Университет – бул жөн гана сабак окуу эмес, бул өзүңдү ар тараптан өнүктүрө турган аянтча. Жаңы досторду таап, ар кандай клубдарга же ийримдерге катыш. Мүмкүн, сен спортту, шахматты, театрды же ырдаганды жакшы көрөсүң. Окуу жайдагы клубдар жана ийримдер менен таанышып чыгып, өзүңө жакканын танда. Бул сен үчүн стресстен арылуунун жана жаңы кызыктуу адамдар менен таанышуунун эң сонун жолу.

**3. Окуу жайдын китепканасы – сенин эң жакшы досуң.** Интернетте бардык маалымат бар деп ойлобо. Китепканада сабактарың үчүн керек болгон баалуу жана уникалдуу китептер, илимий журналдар жана булактар бар. Ошондой эле, китепкана – бул тынчтыктын жана топтолгон ойдун жайы. Үйдө же жатаканада окууга шарт жок болсо, китепканага барып, жайлуу жер таап, тапшырмаңды аткар.

**4. Мугалимдер менен баарлашуудан коркпо.** Көп студенттер мугалимдер менен сүйлөшүүдөн тартынышат. Бирок, бул туура эмес. Эгер сабакта бир нерсе түшүнүксүз болсо, тартынбай сура. Мугалимден жардам сурап, анын кеңешин алганың, сага чоң жардам берет. Мугалим сенин сабакка болгон кызыгууңду жана аракетиңди көрүп, сага оң баа берет.

**5. Ден соолугуңа кам көрүү – биринчи орунда.** Окуу, достор жана кечелер — мунун баары ден соолукка таасир этиши мүмкүн. Уйкуңду кандырып, туура тамактанганды унутпа. Күнүмдүк жеңил көнүгүүлөрдү жасап, таза абада сейилде. Ден соолук болсо, башкалардын баары ордуна келет.

**6. Университеттин расмий булактарын колдон.** Университеттин веб-сайтын, социалдык тармактардагы баракчаларын жана студенттик порталдарды дайыма текшерип тур. Сабактардын өзгөрүшү, иш-чаралар жана жарыялар тууралуу маалыматтарды өз убагында ал.

**7. Каржылык сабаттуулукту үйрөн.** Студенттик жашоодо акча ар дайым тартыш болот. Ата-энең берген каражатты туура пайдаланууну үйрөн. Керексиз чыгымдарды азайтып, акчаны максаттуу сарптоого аракет кыл. Бул сага келечекте да чоң жардам берет.

**8. Студенттик жашоонун ар бир көз ирмемин баала.** Экзамендин алдындагы уйкусуз түндөр, достор менен күлкү, биринчи сүйүү, чоң иш-чаралардагы катышуун — мунун баары эстен кеткис көз ирмемдер. Кыйынчылыктарга карабай, ар бир күндү баала. Анткени студенттик жылдар – бул жашоонун эң кызыктуу жана эң маанилүү бөлүгү.

**9. Ийгиликсиздиктен коркпо, андан сабак ал.** Эгер бир экзаменден өтпөй калсаң же сага жакпаган баа алсаң, бул жашоонун бүткөнү дегенди билдирбейт. Ар бир ката — бул сабак. Өзүңдү күнөөлөгөндүн ордуна, эмне үчүн мындай болгонун талдап, кийинки жолу кайталабоого аракет кылганың жакшы.

**10. Келечегиңе азыртан ойлон.** Жашоонун максаттарын, келечекте ким болууну каалаганыңды, кандай иш менен алектенгиң келгенин ойлон. Университеттеги карьера борбору менен байланышып, адистерден кеңеш алсаң болот. Бул сага туура жолду табууга жана кесиптик тажрыйба топтоого жардам берет.

*Биринчи курс — бул чоң жашоого болгон биринчи кадам. Ийгилик, жаңы достор жана кызыктуу таасирлер силерди күтөт! Эсиңерде болсун, силер жалгыз эмессиңер жана ар дайым жардам бере турган адамдар табылат.*





**С. Маматкары уулу**

# Күз тууралуу акындар эмне дейт?

## Күз ырлары

...Күз да келет. Күз келет деп сүйүнөм
Бариктердей дарагынан кубулгөн,
Шамалындай көчөсүндө жүгүргөн
Ырлар жазган келет менин күндөрүм.

Келет ырлар. Келемин деп айттырбайт.
Турсун белен кагаз менен калемсап
Кай учурда келсе дагы. Алтүндө
Күйүп турсун курбум жашыл шамчырак.

...Эс да, жан да эркин турсун баарынан:
Кайгы-мундан эт жүрөктү каарыган,
Жеңил достон, жеке душман заарынан.
Эс да, жан да эркин турсун баарынан.

Келет ырлар. Келет тагдыр сыяктуу:
Ачык-айкын, күңүрт, татаал жолдору.
Түгөнбөгөн түйшүктөрдөн убак таап,
Мен үлгүрүп жазып калсам болгону.

**Сагын Акматбекова**

## Күз

Күз аралап жолдон бүткөн калааны,
Калың кийим, жылуу көңүл талабы.
Мезгил бою дарактардын эмгегин,
Тепсеп жатат ак кимдердин таманы.

Өңдөн азып, бүт дарактар турат куу,
Бир экиден жалбырагын серпишет.
Жердегилер жетим балдар сыяктуу,
Ары өткөндү, бери өткөндү ээрчишет.

Бир ой-кубат жашообузга бирөө-нур,
Алдыга тек басуудабыз кызыгып.
Өкүнткөнү Кудай берген гүл өмүр,
Бирден- бирден түшүп жатат үзүлүп.

Изин кууп, жылт эткен бир үмүттүн,
Ар күз сайын көп жалбырак теребиз.
А өмүрдүн күзү келип калганда,
Тебелетип таштап кете беребиз.

**Букалча Маматали кызы**

## Жалбырактагы ырлар

Күздүн жыты жазылбаган ырымдай,
Күзгү шамал ыр-р, ыр-р жаз дейт ызылдай.
Көнөктөшөт кара жерди жашырып,
Ыр жазылган жалбырактар тыйылбай.

Күздү күттүк күз экөөбүз саргарып,
Ыр, жалбырак төгөбүз деп камданып.
Түшпөй турган жалбырактай а бирок,
Ырым турат бутактарда кармалып.

Майда-майда бариктери кайыңдын,
Бышып турган саптарындай жаңы ырдын.
Чертип издейм өзгөчөсүн сөздөрдүн,
Дарактарда жашынгансып табылгым.

Сары суудай жолдоруна күзүмдүн,
Капталынан толкунга окшоп сүзүлдүм.
Коңур күзгө оргуп-оргуп эргүүлөр,
Келип турат жалбырактай кубулгум...

**Куламжанова Аниель**

## Күз мезгили

Жай айлары бүтүп барат аяктап
Жан дүйнөгө көңүл буруп баратсак
Сыдырым жел, шамал согуп жай гана
Сынап айтам күз мезгилин барактап!

Жалбырактар жерге түшөт ыргалып,
Жамалына турат ырлар ырдалып.
Күттүрүп күз мезгили жакындап,
Күзгү түшүм болот эми жыйналып.

Төрт мезгилдин баары жакын көңүлгө,
Кызыктардын баары болот өмүрдө.
Берекелүү күз мезгили негедир,
Бейпилдиктин нуру түшөт сезимде!

Жазгы шамал бетти улам сылаган,
Жай мезгили жашоону да кынаган.
Күзгү убак бышыктыктын учуру,
Кышта болсо ак кар жолун улаган.

**Сардарбек Нуркашов**

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Айганыш Нурлан кызы

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Эльнура Кудайбердиева
Таттыбүбү Гуламова
Алина Абдикеримова
Гүлзар Максытали кызы
Айжан Досатова
Айданек Айтбаева

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902